# Никанын бактысы



Автор: Дейя Касымова

Сүрөтчү: Арууке Исакова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Никанын бактысы

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Никанын бактысы" (кыргыз тилинде), автор Дейя Касымова, сүрөтчү Арууке Исакова, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Мен жаныбарларды аябай жакшы көрөм. Бардык жаныбарлардын эркиндикте жашашын каалайм. Ошондуктан үйүмдө бир да үй жаныбарым жок.

Балыктар аквариумга,





канаттуулар менен чычкандар капаста,



жылан, таш бака жана кескелдириктер террариумга батпай күн өткөрүшөт.



Бирок менин Акан деген досум минтип ойлобойт.

Игуана анын көптөн күткөн белеги болуш керек. Ата-энеси Аканга жашыл, бир метрлик, узун куйруктуу, кабырчыктуу кескелдирикти белекке беришкен. Кескелдирикке Ника деп ат коюп алган.

Никанын омурткаларынын үстүндө тикендүү өркөчү бар. Анын көздөрү күрөң түстө келип, акылдуу көрүнөт. Тиштери болсо жалпак жана аябай курч.

Кокосунун эки жагынан тартылган баштыкчасы бар. Төрт бутунун ар биринде бештен учтуу тырмактары тарбаят.

Кескелдирик үчүн жылдырма эшиктери бар атайын айнек террариум сатылып алынган. Анын ичи жарык жана жылуу.

Ичинде кум, өсүмдүктөр, таш, дарактардын кабыктары, суу ичкен идиши жана тамак жеген акыры бар. Кескелдирик террариумдун ичинде сойлоп, башын тегеретип бир нерсени карагансыйт. Кэдекескелдириктин Акан экөөбүз сүйгөн динозаврлардай болуп салабаттуу катып калмайы бар.





Мурунку жумада жайкы каникулдар башталган. Мен Акандыкынакомпьютер оюндарын ойногону барып калдым. Демейдегидей эле, Никанын жанына барып учурашып коёюн дедим. Мен террариумга келип, Никанын ары-бери удургуп турганын байкадым. Бир нерсени издегендей түрү бар. Террариумдун ичи кирдеп калыптыр. Кумдун үстүнө бутактын сыныктары, дарактын кабыктары чачылган. Жем жеген, суу ичкен акыры да бош экен.

– Ника ачка го? – деп сурадым.

– Ой, чын эле. Азыр алма менен суу алып келе коёюнчу, – деди Акан. Акан тез эле алмаларды кесип акырга салды. Идишке суу куйду. Ошентип шашканынан террариумдун эшигин жапканды да унутуп коюптур.

– Жүр эми, тезирээк ойной калалы! – деп ал компьютерин күйгүздү.

Акырга сойлоп келип жанталашып алма жеп баштаган Никаны карап турдум.

Ошондо мага бул жаныбар эркиндикте жүрсө бактылуу болмок беле деген ой кетти.

Анда ал кожоюнуна көз каранды болмок эмес. Каалашынча ичип - жеп, каалаган жеринде жүгүрүп жүрмөк да.

– Террариумду жыйнаганга жардамдашып коёюнчу, – деп Аканга сунуштадым.

– Жөн эле кой, – деп ал колун тескери шилтеди.

– Жок дегенде эшигин жаап коёюнбу?

– Анан өзүм эле жаап коём. Кел, оюн башталды! – деп Акан сүйүнүп кетти. Ошентип экөөбүз оюнга кириштик.





– Кийинки күнү Акан биздин үйгө шашып-бушуп жетип калды.

– Салам, Нуртай! Силердикине Ника сойлоп кирип кеткен эмеспи? – деди Акан толкунданып.

– Салам! Эмне качып кетиптирби?

– Ооба. Кечээ мен терррариумдун эшигин жапканды унутуп калыптырмын. Тереземдин да айнеги ачык калыптыр. Эртең менен карасам, террариумда Ника жок экен, – деп Акан үшкүрүнүп койду.

– Кошуналардан сураштырып көрүш керек!

– Баарынан сурадым. Үйдүн ичин да аңтарып чыктым. Көрдүм-билдим деген бир жан жок. Эч ким аны көрбөптүр. Үйүңөн карап көрчү, ээ?... – деп жалооруду Акан.

Мен үйдөн карап, Никаны таба алган жокмун.

Короого чыксам, Акан үңүрөйүп отуруптур.

– Тегеректин баарынан Никаны издеп көрүш керек. Балким, ал коңшу короого кетип калган чыгар, – деп көңүлүн жубаттым.

Биз короолорду, арыктарды, аянтчаларды, шиберлердин арасын карап чыктык. Бирок, тилекке каршы, Никаны тапкан жокпуз.





Кийинки күнү биз короого чыктык. Бардык коңшуларыбыз кескелдириктин табылганына кызыкдар. Акан кейигенден кейип, маанайсыз жүрдү.

Антон тобун көтөрүп чыгып, биз футбол ойной баштадык. Бир маалда машиненин ачуу сигналы угулду. ӨКМ деген жазуусу бар чоң унаа өтүп бараткан экен. Машине улам-улам пипилдетип коюп, кошуна короону көздөй кирип баратты. Баарыбыз артынан ээрчий жөнөдүк.

Коңшу үйдүн короосунда адамдар чогулуп калышыптыр. ӨКМ машинеси да үйдүн жанына токтоптур. Тургандар жогорку кабаттарды карап жатышат. Кээ бири үйдүн дубалын сүрөткө тартып жатышат.

Чатырдан ылдый карай аккан суу түтүгү дубалга бекитилген. Түтүк менен үчүнчү кабаттын балконунун ортосунда жакут жасалгадай болуп кескелдирик дубалга жармашып туруптур. Ал козголуп да койбой, өзүн карап тургандарга “мынакей, мени көрүп алгыла” дегенсийт.





– Мына сага! Шаарга мындай кескелдириктер кайдан келген? – деп чачы түшүп калган байке таңданат.

– Зоопарктан качып кеткен неме го, – деп колунда бала көтөргөн эже шыпшынып койду.

– Ой, бул кескелдирик – динозаврдын эле өзү го, – деп сары чачтуу кыз суктанып коёт.

Ал аңгыча ӨКМ машинесинен куткаруучулар чыгышты. Алар дубалга таяп шатыны орнотушту.

Бир куткаруучу шаты менен үчүнчү кабатка чыгып, үйдүн дубалынан Никаны алып, кендир капка салып койду. Каптын оозун бууп, ийнине асты да, ылдый карай түшүп келди.

– Мына, акыры шайтан алгырды кармадыкпы! – деп шляпа кийип, көз айнек тагынган кемпир салтанаттуу үн катты. – Кечээ күнү кечки саат тогуздарда балконго чыккам. Карасам эле, кара түстүү бир нерсе жүгүрүп жүрөт. Мен кошунамдын мышыгы экен деп ойлопмун. “Пыш” деп кыйкырсам, уктоочу бөлмөмө кирип кетсе болобу. Дароо артынан кирдим. Бөлмөнүн ичи жарык болгондуктан, мышык эмей эле жапжашыл кескелдирикти көрүп жатпайымбы. Корккону мду сурабагыла! – деди ал окуяны баяндап.





– Кескелдирик дубал аркылуу китеп текчеге жармашып чыгып, жашырынып калыптыр. Мен швабра менен кубалай баштадым. Ал текченин үстүнөн сойлоп баратып, сүйүктүү гүл салган идишимди кулатып кетти. Идишим бырын-чырыны чыгып сынды.

– Кескелдирик дубалга жармашып барып терезе пардоого асылып калды. Мен аны кайрадан швабра менен коркуттум. Ал пардоонун жарымын айрып, өзү полго шыпырылып түштү. Ошентип коридор аркылуу ашканага кире качты. Швабраны көтөргөн бойдон артынан жөнөдүм

– Ашканадан мискейлер тизилип турган текчеге чыга калып, бардыгын жерге кулатты. Ызы-чууну айтпа! Бул шүмшүк ачык турган айнектен терезенин кырына чыга калып сыртка чыгып кетти. Түнү бою тынчтык бербей темирлерди калдыратып жүрдү.

Бул башаламандыкты токтотуш керек да! – деп кемпир сөзүн жыйынтыктады.





– Бул эмне деген шумдук! Сиз биздин аймактын каарманы турбайсызбы! – деп колуна телефон кармаган аял барк этти. Ал жанталашып Никаны видеого тартып алган. Эми кемпирди тарта баштады. – Чын эле, чын эле! Түндө бирөө эле темирлерди калдыратып чуркап жүрдү, – деп калпак кийген кыз да кемпирдин сөзүн тастыктады.

– Чоң ата, эми кескелдирикти кайда алпарасыңар? – деп кепкачан бала да сурап калды. – Кайда алпармак элек? Жаныбарларды саткан

Муну укканда, биз куткаруучуларга жетип келдик.

– Бул менин кескелдиригим. Аны дүкөнгө алпарбагыла. Мага бергилечи! – деп Акан жалынып жиберди.

– Чынбы? – деп куткаруучу өңүн сурдантты.

– Бул бала чынын айтып жатат. – Эки күндөн бери таппай жүргөнбүз, – дедим мен.

– Анда эмнеге - начар багып жатасың? – деп куткаруучу Аканга кайрылды.

Акан күнөөлүү кишидей болуп жер карады.

– Кайда жашайсың? – деп ал кайра сурады.

– Тигил үйдө, – деп Акан ыйламсырап жашаган үйүн көрсөттү.





Ийнине Ника салынган капты асынган куткаруучу биз менен жөнөдү. Ал кескелдирикти Акандын ата-энесине өткөрүп берерин айтты.

Бактыга жараша, ата-энеси үйдө экен. Алар кескелдирик алардыкы экендигин тастыкташты. Куткаруучу Никаны ээсине кайтарып берип, экинчи сыртка чыгарып, өзгөчө кырдаалды жаратпасын катуу эскертти.

Акан Никанын кайтып келерине абдан ишенген. Ошондуктан ал террариумдун ичиндеги таштандыларды күн мурунтан тазалап, ичиндеги акырына жем салып, суу толтуруп койгон. Никанын кайтып келгенине аябай бактылуу болду. Бирок кескелдирик өзүн бактылуу сезди бекен?





Биз террариумдун жанында кескелдирикке байкоо салып турдук. Ника кумдун үстүндө сойлоп, өзүнө тааныш жагдайда жер-жемиштерден жеп, суудан ичип, жатып алып, терезе тарапты мелтирей тиктеп калды.

Мага ал кыялында кечээги күнү болуп өткөн эркиндигин эстеп тургандай туюлду.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Аруукe Исакова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - **4.2 деңгээли**